# ӨМҮРҮ ӨРНӨКТҮҮ ИНСАНДАР

# АЛЫШОВА РАИСА



Раиса Бейшеновна 1958-жылы 25-сентябрда Чүй областынын Жайыл районундагы Почтовый шаарчасында төрөлгөн. 1976-жылы Буденный орто мектебин бүтүргөн.

Мектеп партасынан эле жогорку билимге ээ болууну алдына максат кылып койгон кыз сабактарын жакшы окуп, классташтарына үлгү болуп келген. Жаштын тилегин берип, 1976-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине өтүп, студенттик кызыктуу жана жемиштүү күндөрдү башынан өткөрөт.

Өзү теңдүү курсташтарындай эле терең билим алууга умтулуп, 1982-жылы окуу жайын ийгиликтүү аяктаган. Эмгек жолун алгач Кара-Балта шаарында бала бакчада тарбиячы болуп баштаган. Бул жерде азын-оолак иштеген жылдарында балдардын психологиясын өздөштүрүп, балдар менен иштөө тажрыйбасына ээ болот. Өзүнө ишенген Раиса Бейшеновна алган жогорку билимин мектеп окуучуларына арноого аттанат. Ошентип, 1984-жылы Д. Шопоков атындагы орто мектебине кыргыз тилчи мугалими болуп кабыл алынган.





Мугалим болуп эмгектенүү менен бирге, коомдук иштерге да активдүү катышып, өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн көргөзгөндүктөн, 1990–1996-окуу жылдарында окуу бөлүмүнүн башчысы, директордун орун басары болуп иштеген.

1997-окуу жылынан баштап кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип келе жатат.

«Талыкпаган эмгектен таасирдүү тажрыйба жаралат» дегендей, эмгектери бааланып, көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болду.

**НААМДАРЫ ЖАНА СЫЙЛЫКТАРЫ:**

2005–2006-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча Ыраазычылык кат;

2007-окуу жылында «Тарбия иштеринин жыйынтыгы» боюнча Ыраазычылык кат;

1995-жылы «Жыл мугалими» карoo-сынагына катышкандыгы үчүн;

2000-жылы «Эл Агартуунун Отличниги» наамы;

2011–2013-жылы райондук окуу бөлүмүнүн Мактоо баракчасы;

2013–2014-жылы Ч. Айтматовдун 85 жылдык юбилейине карата «Аалам адабиятынын алпы арабызда" аттуу карoo-сынагына зор салымын кошкондугу үчүн Ардак грамота;

«Манасты билесиңби?» аттуу телесынакта активдүү катышып, зор салым кошкондугу үчүн Ардак грамота;

Саякбай Каралаевдин 120 жылдык маарекесине карата «Улуу Манас баяны урпактардын оозунда» аттуу иш чарага активдүү катышкандыгы үчүн Ардак грамота